Чыгыш №1/20-10
2025-жылдын 20-октябры.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНА**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 16-шайлоо округу боюнча талапкер Джумабеков Дастанбек Артисбековичтин Ыйгарым укуктуу өкүлү
Байтикеев Таштанбек Аскарбековичтен

*Байланыш телефону:* [redacted]
*Электрондук дареги:* [redacted]

# А Р Ы З

Мен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына 16-шайлоо округу боюнча талапкер Джумабеков Дастанбек Артисбековичтин ыйгарым укуктуу өкүлү Байтикеев Таштанбек Аскарбекович, төмөнкү жагдай боюнча Сиздерге кайрылам.

2025-жылдын 14-октябрында, башкача айтканда Джумабеков Дастанбек Артисбекович Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоого талапкер катары катышуу жөнүндө ниетин билдирип, тиешелүү арызын берген күнү Facebook социалдык тармагындагы жеке баракчасында Салман Нуров аттуу жаран тарабынан талапкер Джумабеков Дастанбек Артисбековичтин сүрөтүн жайгаштыруу **менен “Биз сиздер үчүн иштей албадык, сиздер да эми шайлабаңыздар”** деген жазуусу бар баракчаны карматып, талапкердин атына жана анын ишмердүүлүгүнө байланыштуу **жалган жана терс, ошондой эле каршы үгүт маанидеги маалымат камтылган материал** жарыяланган (шилтемеси: https://www.facebook.com/share/p/17EAsNSufS/).

Аталган материал расмий үгүт мезгили баштала электе эле “КЫРГЫЗСТАН” жалпыга жеткиликтүү тайпасына жайгаштырылып, 115 миңден ашык адам көргөн жана 1600 адам лайк баскан. Анын мазмуну талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишмердик беделине олуттуу зыян келтирди жана андан тышкары, материалга 500дөн ашуун пикирлер жазылып, коомчулукта талапкерге карата терс көз караштын калыптанышына өбөлгө түздү деп эсептейбиз (шилтемеси: https://www.facebook.com/share/g/1CuPASUS6R/?mibextid=wwXIfr).

Бул фактылардын натыйжасында төмөнкү мыйзам ченемдер бузулду деп эсептейбиз, тактап айтканда:

«Кыргыз Республикасынын Президентинатт жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-пунктуна ылайык, талапкерлер, алардын өкүлдөрү, саясий партиялар, жалпыга маалымдоо каражаттары жана <u>**башка жактар**</u> билип туруп жалган маалымат таратканга жана талапкерлердин абийирине, ар-намысына, ишмердик беделине шек келтирген жарыялоолорго жол бергенге

укуксуз. Мындан сырткары, мындай маалыматты жарыялаган интернет-басылмалар жана ЖМКлар талапкердин талабы боюнча акысыз төгүндөө же түшүндүрмө жарыялоого милдеттүү.

**Шайлоо өнөктүгү башталган учурдан тартып, аталган мыйзамдын 28-беренсинин:**

1. 9-пункту боюнча, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо алдындагы үгүт иш-чараларынын белгиленген тартипте жүргүзүлүшүн көзөмөлдөөгө жана мыйзам бузуу фактыларын жоюу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү;
2. ал эми 10-пунктуна ылайык, укук коргоо жана башка ыйгарым укуктуу органдар:
   - мыйзамсыз үгүт иштерине бөгөт коюуга;
   - жалган жана мыйзамсыз даярдалган үгүт материалдарын жоюуга;
   - аларды даярдагандарды жана каржылаган булактарды аныктоого милдеттүү жана бул тууралуу шайлоо комиссиясына **токтоосуз маалымат берүүгө тийиш.**

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Сиздерден төмөнкүлөрдү

**СУРАНАМ**:

1. Салман Нуров тарабынан шайлоо мыйзамдарынын бузулушу боюнча укуктук баа берүүнү;
2. Үгүт мезгили башталбастан мурда мыйзамсыз үгүт жүргүзүү жана талапкердин кадыр-баркына шек келтирген жалган маалымат таратуу фактысын иликтөөнү;
3. Мыйзам бузган жаранга карата тиешелүү чара көрүүнү (эскертүү берүү же материалдарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүүнү);
4. Жалган жана бурмаланган маалыматтардын мындан ары жайылышына бөгөт коюуну (зарыл болсо, Салман Нуровдун баракчасын убактылуу блоктоо чараларын караштырууну);
5. Талапкердин кадыр-баркын коргоо максатында жалган маалыматтарды төгүндөө же түшүндүрмө, кечирим суроо жарыялоо боюнча аталган жаранга милдеттендирүү чарасын көрүүнү.

***Арызга тиркелет:***

1. *Facebook баракчанын скриншоттору;*
2. *Колдонуучулардын комментарийлеринин көчүрмөлөрү;*
3. *Ыйгарым укуктуу өкүл экендигин тастыктаган Ырастаманын көчүрмөсү;*
4. *Ыйгарым укуктуу өкүлдүн Паспортунун көчүрмөсү.*

***Урматтоо менен,***

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер**
**Джумабеков Дастанбек Артисбековичтин**
**Ыйгарым укуктуу өкүлү** **Т.А. Байтикеев**